DOI: 10.26104/NNTIK.2022.23.77.023

*Абдижапарова Э.А.*

# СОЦИАДЫК ИШКЕРДҮҮЛҮКТҮН КАЛЫПТАНЫШЫНДА ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮНДӨ ЧЕТ ӨЛКӨЛӨРДҮН ТАЖРЫЙБАСЫ

*Абдижапарова Э.А.*

# ОПЫТ ЗАРУБЕЖНЫХ СТРАН В СТАНОВЛЕНИИ И РАЗВИТИИ СОЦИАЛЬНОГО ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА

*E. Abdizhaparova*

# THE EXPERIENCE OF FOREIGN COUNTRIES IN THE FORMATION AND DEVELOPMENT OF SOCIAL ENTREPRENEURSHIP

*УДК: 334.724.012.56*

*Бул макалада Кыргызстанда социалдык ишкердүүлүктүн калыптанышы жана анын өнүгүүсүндө чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын колдонуу маселелерине арналды. Изилдөөнүн максаты өлкөдө социалдык ишкердүүлүктү уюштуруу жана коомдун өнүгүшүнө анын ролун методдорун карап чыгуу болуп саналат. Изилдөө процессинде дедукция жана өлкөлөр боюнча салыштырмалуу талдоо ыкмалары колдонулган. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн натыйжасында Кыргызстанда социалдык ишкердикти натыйжалуу уюштуруу боюнча тыянактар жана сунуштар чыгарылды. Изилдөөлөрдүн негизинде социалдык-экономикалык өнүгүүнүн заманбап шарттарында социалдык ишкердүүлүк калктын жашоо деңгээлин жогорулатуунун негизи болуп саналат деген тыянак чыгарууга болот.*

***Негизги сөздөр:*** *социалдык ишкердүүлүк, социалдык экономика, социалдык ишканалар, инновациялык мамиле, социалдык бизнес, социалдык көйгөйлөр, туруктуу өнүгүү.*

*Данная статья посвящена вопросу становления и развития социального предпринимательства в Кыргызстане с использованием опыта зарубежных стран. Целью исследования является рассмотрение методов организации социального предпринимательства в стране и её роль в развитии общества. В процессе исследования были использованы методы дедукции и сравнительный анализ по странам. В результате проведенного исследования были сделаны выводы и предложения по эффективной организации социального предпринимательства в Кыргызстане. На основе проведенного исследования можно сделать вывод, что в современных условиях всестороннего социально-экономического развития социальное предпринимательство является основой повышения уровня жизни населения.*

***Ключевые слова:*** *социальное предпринимательство, социальная экономика, социальные предприятия, инновационный подход, социальный бизнес, социальные проблемы, устойчивое развитие.*

*This article is devoted to the formation and development of social entrepreneurship in Kyrgyzstan using the experience of foreign countries. The purpose of the study is to consider the methods of organizing social entrepreneurship in the country and its role in the development of society. In the course of the study, methods of deduction and comparative analysis by country were used. As a result of the conducted research, conclusions and suggestions were made on the effective organization of social entrepreneurship in Kyrgyzstan. Based on the conducted research, it can be concluded that in modern conditions of comprehensive socio-economic development, social entrepreneurship is the basis for improving the standard of living of the population.*

***Key words:*** *social entrepreneurship, social economy, social enterprises, innovative approach, social business, social problems, sustainable development.*

Заманбап глобалдык экономикалык шартта калктын басымдуу бөлүгү материалдык жана социалдык керектөөлөрүн канааттандырууда башка муктаждыктарын ойлонууну токтотуп материалдык абалын кандай шартта жакшыртуу керектигине багыттоо менен, алардын иш аракеттери материалдык пайда алууга гана багытталган убак. Бирок өлкөдө болуп жаткан социалдык көйгөйлөрдүн тереңдеп жатышы, калктын материалдык жана социалдык керектөөлөрүн канааттандырууну, социалдык көйгөйлөрдү чечүү жолдоруна көбүрөөк көңүл бөлүүнү талап кылган учур [1]. Бул багытта буга чейин социалдык-экономикалык чөйрөнүн көйгөйлөрүн чечүүнүн жолдорун изилдеп чугуу боюнча бир катар илимий изилдөөлөр жүргүзүлүп, илимий эмгектер жарык көргөн.

Акыркы он жылдан ашык мезгилдин ичинде биздин өлкө үчүн ишкердиктин мурда белгисиз болгон жаңы багыты - социалдык ишкердиктин калыптануу мезгили болуп жатат. Буга чейин чет өлкөлөрдө гана белгилүү болгон бул көрүнүш Кыргызстанда жаныдан кулачын жайып жаткан мезгил. Бул жаатта чет өлкөлөрдүн топтогон тажрыйбасы ата мекендик ишканаларды өнүктүрүү үчүн негиз болуп кызмат кылууда. Бирок бул тажрыйбаны биздин өлкөдө кайра карап чыгуу жана тууралоо үчүн убакыт жана материалдык ресурстар талап кылынат.

Социалдык ишкердүүлүк – бул социалдык көйгөйлөрдү жеңилдетүүгө багытталган ишкердиктин бир түрү, ал өзүн өзү актоого, инновациялуулукка жана туруктуулукка негизделет. Башкача айтканда, социалдык миссиясы бар бизнести социалдык ишкердик деп атоого болот. Негизинен социалдык ишкердүүлүк жөнүндө сөз болгондо, анын тамыры ишкердикте экендигин эске алышыбыз керек. Социалдык ишканада социалдык максаттарга жетүү стратегиясы каржылык пайдадан жогору турган маанилүү компонент болуп саналат. Көрүнүп тургандай, социалдык багытка карабастан, ишкердик биринчи орунда, ал эми социалдык маселелерди чечүү экинчи орунда турарын унутпоо керек. Бизнестин эң маанилүү экендиги – бул киреше алуу жана бөлүштүрүү гана эмес, ошондой эле туруктуу бизнести, каражаттардын туруктуу агымын камсыз кылуу. Эгерде каражат жок болсо, анда

социалдык маселелерди узак мөөнөттүү жана туруктуу чечүү мүмкүн эмес. Кандай болгон күндө да ишкер жаңы мүмкүнчүлүктөрдү көрүп, колдоно билиши керек, ал мүмкүнчүлүктөрдү ачуу үчүн зарыл болгон активдүүлүк жана шыктандыруучу сапаттарга ээ болушу керек. Социалдык ишкердүүлүк социалдык көйгөйлөрдү инновациялык ыкма менен чечүүгө, социалдык жана экономикалык ресурстарды ойлоп табууга жана айкалыштырууга, өз алдынча өндүрүүгө жана кеңейтүүгө жөндөмдүү өндүрүш механизмин түзүүгө жана максаттуу социалдык жыргалчылыкка жетүүгө умтулат. Ошентип, социалдык ишкердүүлүк бүтүндөй социалдык тутумду өзгөртөт.

Социалдык ишкердүүлүктүн эң көп келтирилген аныктамасы АКШдагы Дьюк Университетинин Социалдык ишкердикти өнүктүрүү борборунун директору Грегори Дизге таандык. Социалдык ишкердиктин маанилүүлүгүн ал мындайча түшүндүрөт: "социалдык ишкердүүлүк бизнеске мүнөздүү тартип, социалдык миссияга берилгендикти инновация жана чечкиндүүлүк менен айкалыштырат". Григорий Диз социалдык ишкердүүлүктү аныктоочу беш факторду аныктайт:

1) социалдык баалуулуктарды (товарларды) түзүү жана колдоо боюнча миссияны өзүнө алуу;

2) тандалган миссияны ишке ашыруу үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо жана пайдалануу;

3) инновациянын, адаптациялоонун жана окутуунун үзгүлтүксүз процессин ишке ашыруу;

4) колдо болгон ресурстар менен чектелбеген иш-аракеттердин чечкиндүүлүгү;

5) ишкердин өз иши үчүн кардарлардын алдында да, коомчулук алдында да жогорку жоопкерчилиги алуусу.

Роджер Мартин жана Салли Осберг социалдык ишкердик категориясындагы маанилүү сөз "ишкердик", ал эми "социалдык" деген сөздүн өзү өзгөртүүчү ролду ойнойт деп эсептешет. Социалдык ишкердиктин негизги айырмалоочу өзгөчөлүгү – бул кандайдыр бир социалдык кайра жаралууга алып келиши мүмкүн.

Вашингтондогу чакан социалдык ишкердик изилдөө жана тажрыйбаны илгерилетүү компаниясынын негиздөөчүсү жана директору Ким Альтер, өзүнүн эмгектеринин биринде бизнестин ар кандай түрлөрүнүн ортосундагы төмөнкү чектерди сунуш кылган:

*Таблица 1*

**Ким Альтердин сунушу**

| ишканалар | мотивдер | ыкмалар | максаттар | киреше жана пайданы белгилее |
|---|---|---|---|---|
| **Коммерциялык эмес, кайрымдуулук ишканалар** | | | | |
| Таза филантропияга негизделген | Мыкты эрк | Миссия аркылуу аныкталат | Социалдык баалуулуктардан түзүлөт | Миссияны ишке ашырууга багытталган |
| **Коммерциялык ишканалар** | | | | |
| Таза коммерцияга негизделген | Жеке пайда | Рынок менен аныкталат | Экономикалык баалуулуктардан түзүлөт | Акционерлер жана менчик ээлери тарабынан бөлүштүрүлөт |
| **Социалдык ишканалар** | | | | |
| Гибриддик | Аралаш | Миссия менен рыноктун айкалышы менен аныкталат | Социалдык жана экономикалык баалуулуктардан түзүлөт | Миссияны ишке ашыруу үчүн же бизнести кеңейтүү үчүн сакталат |

"Социалдык ишкана" термини Кыргызстан үчүн салыштырмалуу жаңы болушу мүмкүн, бирок "киреше алып келүүчү иш" же "өзүн-өзү каржылоо" түшүнүктөрү көптөн бери колдонулуп келет. Азыркы учурда социалдык ишкердиктин белгилүү бир бөлүгү өлкөдөгү бейөкмөт уюмдардын атрибутуна айланууда. Социалдык ишкердик концепциясы өлкөдөгү көптөгөн бейөкмөт уюмдар тарабынан колдоого алынат, бирок жарандык сектордун айрым өкүлдөрү бизнес менен бейөкмөт уюмдар бири-бирине дал келбейт жана мындай тажрыйба бейөкмөт уюмдардын мүнөзүнө туура келбейт деп эсептешет.

Кыргызстанда социалдык ишкердикти өнүктүрүү жаштар чөйрөсүнө олуттуу багыт алууда жана ошол эле учурда калктын аялуу топторунун социалдык-экономикалык өнүгүүсү менен мүнөздөлөт.

Ишмердүүлүктүн негизги багыттары: ишке орноштуруу, туризм, экологиялык долбоорлор.

Кыргызстандын экономикасында жана коомчулукта социалдык ишмердүүлүктүн бир катар учурдагы, ошондой эле келечектүү мүмкүнчүлүктөрүн белгилөөгө болот:

- ➢ рынокко чыгуу жана кызмат көрсөтүү аркылуу максаттуу топтордун жашоосун жакшыртуу жана мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү;
- ➢ жумушсуздукту кыскартуу жана жаштарды жумушка орноштуруу;
- ➢ социалдык чыңалууну азайтуу;
- ➢ социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө ишкердик мамиле менен түздөн-түз социалдык жардамды толуктоо;
- ➢ жарандык коомду чыңдоо;
- ➢ этностор аралык мамилелер жаатындагы маселелерди чечүү.

Социалдык ишкердиктин бардык аныктамаларынын борбордук түшүнүгү социалдык ишкердиктин

инновациясы болуп саналат. Шумпетер аныктагандай, инновация ар дайым эски каада-салттарды жана системаларды бузуу менен коштолот. Бирок коомчулук өтө сезимтал инерттүү механизм. Ар кандай радикалдуу өзгөрүүлөр коомдо кескин бөтөнчөлүктү жаратат. Коомдогу үстөмдүк абалды өзгөртүү милдетин койгон ишкердиктин жаңы түрү болгон социалдык ишкердиктин пайда болушун коомчулук кандай кабыл алат деген суроо туулат [2].

Бүгүнкү күндө социалдык ишканалар атаандаштык жана туруктуу мамиле аркылуу адамдарга, коомчулукка жана айлана-чөйрөгө бирдей укуктарды камсыз кылат. Алар менчик укугундагы жана товарларды бөлүштүрүүдөгү теңдик, катышуудагы теңчилик, дүйнө жүзүндөгү адамдар менен тилектештик, максаттарга жетүүдөгү чынчылдык, иш-аракеттерге карата ачыктык жана коммерциялык иш-аракеттердеги тең салмактуулук, социалдык жоопкерчилик жана айлана-чөйрөнү коргоо сыяктуу баалуулуктарга негизделген. Социалдык ишкердик тенденциясы универсалдуу күчкө айланды.

Эл аралык Thomson Reuters Foundation жаңылыктар агенттиги Global Social Entrepreneurship Network британ агенттиги менен биргеликте дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүндө социалдык ишкердикти өнүктүрүү шарттарына байланыштуу алдыңкы дүйнөлүк эксперттердин биринчи сурамжылоосун 2016-жылда өткөргөн. Бул сурамжылоонун негизинде социалдык ишкердикти өнүктүрүү шарттары боюнча өлкөлөрдүн рейтинги түзүлгөн. Рейтингде биринчи үч орунду АКШ, Канада жана Улуу Британия ээлешкен. Социалдык ишкердикти өнүктүрүүнүн шарттарын баалоонун негизги критерийлери болуп мамлекеттик колдоонун деңгээлин баалоо, квалификациялуу персоналды тартуу мүмкүнчүлүгү, социалдык ишкердиктин иши жөнүндө коомдо маалымдуулук, ишмердүүлүктүн рентабелдүүлүгү, өлкөдөгү социалдык ишкердиктин өнүгүү темпи, инвестицияларга жеткиликтүүлүк болгон. Ал эми 2019-жылы жүргүзүлгөн изилдөөгө ылайык, социалдык ишкердикти өнүктүрүү шарттары боюнча эң мыкты өлкөлөр: Канада, Австралия, Франция, Бельгия, Сингапур, Дания, Нидерланды, Финляндия, Индонезия, Чили деп табган. Социалдык ишкердүүлүктө жаш ишкерледин  жана стартаптардын үлүшү кыйла жогору бойдон калууда. Изилдөөгө катышкан социалдык ишканалардын 30% га жакыны акыркы үч жылдын ичинде түзүлгөн ишканалар. Көптөгөн өлкөлөрдө социалдык ишканалар жалпы улуттук жана жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик уюмдар менен тыгыз иштешет. Учурда дүйнө жүзү боюнча коммерциялык эмес уюмдар жана мамлекеттик эмес фонддор жана жеке адамдар социалдык ишкерлерди жана социалдык ишканаларды колдоп келет жана өздөрүнүн кеңештерин берүү менен каржылык да жардам беришүүдө. Ошол эле учурда социалдык ишкердиктин өзгөчө артыкчылыгына карабастан аны өнүктүрүүдө көптөгөн кыйынчылыктар бар, алар "социалдык ишкана" деген эмне жана кимди социалдык ишкер деп эсептесе болот деген бирдиктүү пикирдин жоктугу. Айрымдар "социалдык ишкер" термини негизги киреше булагы кардарларынын акысы болгон уюмдардын негиздөөчүлөрүнө гана тиешелүү болушу керек деп эсептешет. Башкалары бул түшүнүккө мамлекеттик келишимдер боюнча иштегендерди да камтыйт, ал эми башкалары бул жерге гранттарды жана кайрымдуулуктарды биринчи кезекте эсептеген уюмдарды кошушат. Дүйнөдөгү социалдык ишкердиктин изилдөөчүлөрү, эксперттери жана практиктери кайсы уюмдар социалдык ишкана жана социалдык ишкана эмес экендиги жөнүндө талашып-тартышууну токтотушпайт.

Кыргыз Республикасынын нармативдик мыйзамдарында социалдык ишкердүүлүктүн  концепциясынын аныктамасы жок. Социалдык ишкердиктин бардык түшүндүрмөлөрү чет элдик тажрыйбага негизделген, бүгүнкү күндө бул тармак жаңы жана тез өнүгүп жатат. Кыргызстанда социалдык ишкердикти өнүктүрүү үчүн негизги тоскоолдук болуп социалдык ишкердик жөнүндө өзүнчө мыйзамдын жоктугу саналып келүүдө.

Жыйынтыктап айтканда Кыргызстанда эл аралык тажрыйба өлкө экономика шартында ишкердикти өнүктүрүүгө болот жана өнүктүрүү керек деп айта алабыз. Ишкердиктин бул түрүн өнүктүрүү аймактык деңгээлдеги жана мамлекеттик деңгээлдеги көйгөйлөрдү чечүүгө мүмкүндүк берет. Социалдык ишкердикти өнүктүрүүгө тоскоол болгон көйгөйлөрдүн бири: коомчулуктун ишмердүүлүктүн бул түрү жөнүндө билбегендиги жана бул маселе боюнча ченемдик укуктук базанын жоктугу. Биздин көз карашыбыз боюнча ишмердиктин бул түрүн  жакынкы өлкө тажрыйбасында убакытта жигердүү өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү жогору жана бул жагдай өлкөнүн курч көйгөйлөрүн чечүүгө өбөлгө түзөт.

**Адабияттар:**


1. Райымбаев Ч.К. Социалдык өнүгүүнүн эл аралык тажрыйбалары. Наука и новые технологии. 2012. №. 7. С. 81-84.
2. Спрекли Фриер, Лавриненко А., Джаманбаев Э., Асангариев М. Социалдык ишкердик. - Бишкек: 2015.
3. Баринова В. Зарубежный опыт развития социального предпринимательства и возможность его применения в России. - Москва: “Издательство”, 2018. -100 с.
4. Опыт развития социального предпринимательства в США // [Электронный ресурс]: http://www.slideshare.net/Vovainer.
5. Портал «Новый бизнес: социальное предпринимательство». [Электронный ресурс]: http://www.nb-forum.ru/social/